**Адабияттар тизмеси:**

1. **Рысбаев, С.К.** 1-класста “Алиппени” окутуу [Текст] / С.К. Рысбаев, Ч.Д. Бекбоева, Ч.И. Айдакеева. – Бишкек: Бийиктик плюс, 2017. – С. 3-15.
2. **Рысбаев, С.К.** 1-класс, “Алиппе” окуу китеби [Текст] / С.К. Рысбаев. – Бишкек: Учкун, 2020. – С. 22-29.
3. **Рысбаев, С.К.** Башталгыч класстардын программасы [Текст] / С.К. Рысбаев. – Бишкек: Билим, 2022. – 7 с.
4. **Осекова, Т.К.** Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун усулу [Текст] / Т.К. Осекова, Г.И. Колбаева. – Бишкек: Арип-пресс, 2019. – С. 61-63.
5. **Осекова, Т.К.** Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун усулу [Текст] / Т.К. Осекова. Г.И. Колбаева. – Бишкек: Арип-пресс, 2019. – С. 63-64.
6. **Рысбаев, С.К.** Башталгыч класстардын программасы [Текст ] / С.К. Рысбаев. – Бишкек: Билим, 2022. – С. 3-4.

DOI:10.54834/16945220_2023_1_141

Поступила в редакцию 10.10.2022 г.

**УДК:371.15 (-057.87)**

***Ысмайылов К. З.***

*ст. препод. Ошского государственного университета, Кыргызская Республика*

## БОЛОЧОК МЕДАЙЫМДАРДЫН КЕСИПТИК – ЭТИКАЛЫК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН БАГЫТТАРЫ

*Бул жумушта изилдөөнүн предмети болуп медициналык колледждин студенттеринин кесиптик-этикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары эсептелет. Изилдөөнүн максаты - болочок медайымдардын кесиптик – этикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун багыттарын аныктоо, педагогикалык шарттарды теориялык жактан негиздөө жана эксперимент аркылуу текшерүү. Изилдөөлөрдө адабияттарга талдоо жүргүзүү, аларды салыштырып чыгуу, окуу процессине байкоо жүргүү методдору колдонулду. Сабак учурунда студенттер билимди жана көндүмдөрдү өздөштүрүүнүн негизинде компетенттүү кесипкөй адис болору ачып көрсөтүлдү. Изилдөөлөрдүн натыйжасында медайымдык иш боюнча адистерди даярдоо процессинде кырдаалдык тапшырмалардын жана диалог түзүү оюндарынын системасы иштеп чыгылды. Изилдөөлөрдө алынган жыйынтыктар медайымдык иш боюнча адистердин кесиптик- этикалык даярдыгын жогорулатууга багытталгандыгы тастыкталды. Ошондой эле, болочок медайымдардын руханий дүйнөсүн, адеп-ахлактык баалуулуктарын калыптандырууга өзгөчө маани бөлүнүп, бейтап менен бетме-бет отуруп субъективдүү жана объективдүү маалыматтарды чогултуу студент үчүн баарлашуунун эң маанилүү учурлары жөнүндө сунуштар берилген. Келечектеги медициналык кызматкерлердин ишмердигиндеги кесиптик-этикалык принциптер, палатадагы психологиялык атмосфера, оорулуунун маанайы, дарылоонун эффективдүүлүгү жана оорунун натыйжасы алардан көз каранды экендиги жөнүндө түшүндүрмөлөр жана сунуштар берилген.*

***Негизги сөздөр:*** *бейтап менен сылык мамиле; кайгысын жеңилдетүү; боорукер болуу; бейтапка жакшылык кылуу; тактык жана чеберчилик.*

## НАПРАВЛЕНИЯ ПРОФЕССИОНАЛЬНО-ЭТИЧЕСКОЙ КОМПЕТЕНЦИИ БУДУЩИХ МЕДИЦИНСКИХ СЕСТЁР

*В данной работе предметом исследования являются педагогические условия формирования профессионально-этической компетентности студентов медицинского колледжа. Целью исследования является определение направления профессионально-этической компетенции будущих медсестр,теоретическое обоснование и проверка этих педагогических условий экспериментальным путем. В исследованиях использованы методы анализа научно-теоретической литературы, сравнения и наблюдения за процессом обучения. Даны рекомендации, как студенты станут компетентными профессиональными специалистами на основе овладения знаниями и навыками в ходе урока. На*

*основе полученных результатов разработаны системы ситуационных задач и диалоготворческих игр в процессе подготовки специалистов сестринского дела. Полученные результаты исследования направлены на повышение профессиональной и этической подготовки специалистов сестринского дела. Также особое значение придается формированию духовного мира и нравственных ценностей будущих медицинских сестер, даются рекомендации о наиболее важных для студента моментах общения для сбора субъективных и объективных данных сидя лицом к лицу с пациентом. Даны рекомендации о профессиональных и этических принципах будущих медицинских работников, от которых зависит психологическая атмосфера в палате, настроение больного, эффективность лечения и исход болезни.*

***Ключевые слова:*** *вежливое обращение с пациентом; облегчить боль; доброжелательность к пациенту; точность и мастерство.*

## DIRECTIONS OF PROFESSIONAL AND ETHICAL COMPETENCE OF FUTURE NURSES

*In this paper, the subject of the study is the pedagogical conditions for the formation of professional and ethical competence of medical college students. The aim of the study is to determine the direction of professional and ethical competence of future nurses, theoretical justification and verification of these pedagogical conditions by experimental means. The research uses methods of analysis of scientific and theoretical literature, comparison and observation of the learning process. Recommendations are given on how students will become competent professional specialists based on mastering knowledge and skills during the lesson. Based on the results obtained, systems of situational tasks and dialogue-making games have been developed in the process of training nursing specialists. The obtained research results are aimed at improving the professional and ethical training of nursing specialists. Also, special importance is attached to the formation of the spiritual world and moral values of future nurses, recommendations are given about the most important moments of communication for the student to collect subjective and objective data while sitting face to face with the patient. Recommendations are given on the professional and ethical principles of future medical workers, on which the psychological atmosphere in the ward, the mood of the patient, the effectiveness of treatment and the outcome of the disease depend.*

***Key words:*** *polite treatment of the patient; pain relief; kindness to the patient; precision and skill.*

Кесиптик билим берүүнүн системасын түп-тамырынан бери жакшыртуу милдети жана адистерди даярдоонун сапаты өлкөбүздүн келечеги үчүн фундаменталдуу мааниге ээ. Акыркы жылдарда кесиптик билим берүүнүн максаттарын аныктоого көп иш аракеттер жүргүзүлүп келүүдө. Окуу жайларда жана сабактарда студенттерге билимди, көндүмдөрдү өздөштүрүүсүнөн келип чыккан кесиптик компетенттүүлүк сыяктуу комплекстүү структураны калыптандырууга өтө чоң басым жасалууда жана ага болгон талаптар күндөн күнгө күчөп жатат [1,2].

Кыргызстандагы социалдык жана экономикалык кайра куруулар саламаттыкты сактоонун медицина тармагында эмгектенип жаткан кадрларды даярдоо системасына таасирин тийгизбей койгон жок. Анын ичинде медайымдык иш боюнча адистерди дагы модернизациялоо керектигин дүйнөдө болуп жаткан медициналык жаңылануулар себеп болуп жатат, анын түпкү максаты медайымдарды даярдоо системасын дүйнөлүк стандарттарга жеткирүү жана кесиптик компетенттүүлүгүн жогорулатуу болуп саналат. Медициналык орто окуу жайлардагы медайымдык иш адистиктерине билим берүүнүн негизги максаты саламаттыкты сактоонун жана медициналык технологиялардын өнүгүүсү аркылуу медициналык билим берүүнүн деңгээлин жана сапатын замандын талаптарына ылайыктап камсыз кылуу болуп саналат. Тармактык билим берүүнү модернизациялоо өз ишин мыкты билген, калктын ден соолугун коргоодо жогорку натыйжаларга жетишкен, рынок экономикасынын шартында иштөөгө жөндөмдүү адистердин жаңы муунун даярдоону талап кылат. Бүгүнкү күндө баардык тармактар чыгармачыл ой жүгүрткөн адистерге, социалдык жана профессионалдык жактан активдүү, мобилдүү жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү бар, заманбап эмгек рыногунун талаптарына жооп берген жогорку деңгээлдеги адисттерге муктаж болууда. Азыркы учурдагы саламаттыкты сактоонун жана медицина илиминин өнүгүү деңгээли төмөндөгүлөр менен аныкталат: рыноктук мамилелердин шартында саламаттыкты сактоо тармагында реформаларды жүргүзүү медициналык тейлөөнүн сапаттын жогорулатат; калкка сапаттуу, жеткиликтүү жана экономикалык жактан натыйжалуу медициналык жардам көрсөтүү үчүн заманбап операцияларды практикага колдонуу, бейтапты сурамжылоонун жаңы методдорун

жана ыкмаларын медицинага киргизүү; милдеттүү жана ыктыярдуу түрдө медициналык камсыздандыруу программаларынын алкагында медициналык тейлөө кызматын өнүктүрүү; медайымдын аброюн жогорулатуу жана анын ыйгарым укуктарын кеңейтүү зарыл [3,4].

Коомдун объективдүү муктаждыктары орто билимдүү медициналык окуу жайларында медайымдарды кесиптик- этикалык компетенттүүлүккө даярдоо зарылдыгын жогорулатууну талап кылууда. Мамлекеттик билим берүү стандарттарына киргизилген “Медайымдык иш” программасын жана кесипке даярдоонун программаларын жана мазмунун кайра карап иштеп чыгуу керек жана ошондой эле окутуунун сапаттык жактан айырмаланган ыкмаларын иштеп чыгуу, заманбап талаптарга жооп берген жаңы окуу процесстерин түзүү зарыл.

Кыргызстандын ооруканаларындагы же поликлиникаларындагы медайымдык тейлөөнүн сапаты жана медайымдык иштин өнүгүшү жогорку деңгээлде деп айтууга болбойт. Биздин өлкөдөгү медицина тармагындагы медайым деген кесип салттуу түрдө дарыгердин жардамчысы катары калыптанган же ал бир гана медициналык жардамчы деген эле функцияларды аткарат. Медайымдык ишке кадрларды (студенттерди) окутуу учурунда аларды жумушка даярдоону уюштуруу жана алардын кесиптик даярдыгын изилдөөгө илимий мамиле болгон эмес. Мамлекетибиз эгемендүүлүк алгандан бери эч бир мамлекеттик медициналык окуу жайлар медайымдык иш адистигин өз алдынча коомдук институт кылууга аракет жасашкан эмес. Экинчи жагынан алып караганда медициналык орто атайын окуу жайлардын студенттеринин кесиптик- этикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруу көйгөйлөрү окуу куралдарында жана усулдук адабияттарда тийиштүү түрдө камтылган эмес жана кесиптик педагогикада аз изилденген проблемалардын бири болуп саналат.

Бул темада изилдөөнү ишке ашырууга медайымды адистик кесипке даярдоодо методологиялык, уюткруу- методикалык негиздердин жетишсиз иштелип чыгышы себеп болгон.

Проблеманы изилдөөнүн актуалдуулугу төмөнкүдөй зарылчылыктардан келип чыгат: өлкөбүздөгү медициналык орто окуу жайларында медайымдык иш адистиги боюнча кесипкөй компетенттүү адистерди даярдоонун сапатын жогорулатуу; медайымдык манипуляцияларды жүргүзүүдө медайымдык иш боюнча адистиктин кесиптик- этикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун илимий-педагогикалык негиздерин аныктоо; медициналык колледждин студенттерине сабак өтүү этабында медайымдын манипуляцияларды аткаруудагы кесиптик-этикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун методдорун иштеп чыгуу (мазмуну, формалары, көндүмдөрү жана жөндөмдөрдү өнүктүрүүнүн методдору жана каражаттары); кесипке даярдоо процессинде медайымдык манипуляцияларды аткаруу учурунда кесиптик – этикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруу системасынын теориялык негиздерин иштеп чыгуу (медайымдык иш сабагында) төмөнкү объективдүү карама-каршылыктарды чечүүнүн жолдорун аныктоого багытталган; заманбап реформанын жогорулаган талаптарынын ортосунда медайымдык иш адистигинде окуп жаткан келечектеги медайымдарды даярдоонун структурасынын жаңы сапаттык параметрлерине жетишүүгө багытталган жана студенттердин медициналык колледждерде окутуунун азыркы системасынын шарттарында коюлган милдеттерди чечүү мүмкүн эмес; медайымдык иш курсунда кесиптик - этикалык компетенцияларды калыптандырууда формалардын жана ыкмалардын иштелип чыкпагандыгы. Бул маселенин жетишсиз деңгээлде иштелип чыгышы, аны чечүүнүн практикалык зор мааниси изилдөөнүн темасын түзүүгө мүмкүндүк берди.

*Изилдөөнүн максаты:* Медициналык колледждин студенттеринин кесиптик- этикалык компетентүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттарын теориялык жактан негиздөө жана эксперимент аркылуу текшерүү.

*Изилдөөнүн объектиси:* Медициналык колледждин студенттерин кесиптик жактан даярдоо процесси.

*Изилдөөнүн предмети* болуп медициналык колледждин студенттеринин кесиптик – этикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары.

Изилдөөнүн жумушчу гипотезасы медициналык колледждердеги болочок медайымдардын кесиптик - этикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруу процесси натыйжалуураак болууга

жардам берет, эгерде: медайымдык иш боюнча адистин кесиптик – этикалык компетенттүүлүгүн калыптандырууга курулган структуралык-функционалдык модели түзүлсө; студент инсандык сапаттарды тандоого жана системалаштырууга, кесиптик иш-аракеттерди, ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон мүмкүнчүлүктөр түзүлөт; медициналык колледждин базасында медайымдык иш адистигинде клиникалык дисциплиналар боюнча окутуучулардын жалпы кесиптик жана атайын даярдыгын өркүндөтүү уюштурулат; медициналык колледжде окутуунун активдүү формалары системалаштырылган дидактикалык материалдар менен камсыз болушат. Алдыга коюлган максаттарга жетүү жана гипотезаны ырастоо үчүн төмөнкү милдеттерди чечүү зарыл болуп чыкты: медайымдык иш боюнча адистин кесиптик- этикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруу үчүн структуралык-функционалдык моделин түзүү жана илимий жактан негиздөө; медициналык колледждин базасында клиникалык дисциплиналар боюнча медайымдык иш адистигин окуткан окутуучулардын жалпы кесиптик жана атайын даярдыгын жогорулатуучу педагогикалык шарттарды аныктоо; алгоритмдердин негизинде медайымдык иш адистиги боюнча кесиптик - этикалык компетентүүлүктү калыптандыруу методологиясын иштеп чыгуу, сыноо жана окуу процессине киргизүү; медайымдык иш боюнча адистерди даярдоо процессинде билим берүүнүн активдүү формаларын системалуу пайдаланууну камсыз кылган дидактикалык материалдарды иштеп чыгуу.

Изилдөөнүн методдору: теориялык изилдөөлөргө теориялык анализ жана синтезди киргизүү, конкреттештирүү, моделдөө, эмпирикалык методдор – философиялык, педагогикалык адабияттарды изилдөө; медайымдык иш боюнча адистерди даярдоодо билим берүү программаларын жана окуу пландарын изилдөө; нормативдик жана методикалык документтерди изилдөө; окуу процессине байкоо жүргүзүү, экспериментти аныктоо жана жыйынтыктоо; анкета жүргүзүү; статистикалык маалыматтарды иштеп чыгуу.

Изилдөөнүн илимий жаңылыгы. Медайымдык иш боюнча адистин кесиптик –этикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун структуралык-функционалдык моделин курууда төмөнкүлөр саналат; медициналык колледждин базасында клиникалык дисциплиналардагы медайымдык иш боюнча окутуучуларды жалпы кесиптик жана атайын даярдоонун стратегиялык багыттарын аныктоо; медайымдык иш боюнча адистерди даярдоо процессинде билим берүүнүн активдүү формаларын колдонууну камсыз кылуучу кырдаалдык тапшырмалардын жана диалог түзүү оюндарынын системасын иштеп чыгуу.

Изилдөөнүн теориялык маанилүүлүгү медициналык колледждин базасында клиникалык дисциплиналар боюнча медайымдарды окуткан окутуучулардын жалпы кесиптик жана атайын даярдыгын өркүндөтүү процессин уюштуруунун ыкмалары жөнүндө жалпы теориялык идеяларды конкреттештирүү болуп саналат. Медайымдык иш боюнча адистин кесиптик-этикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруу жана илимий жактан негизделген структуралык-функционалдык модели тастыкталды. Түзүлгөн алгоритмдердин жыйындысынын негизинде медайымдык иш боюнча кесиптик -этикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруу методу теориялык жактан негизделет. Медициналык колледжде окутуунун активдүү формалары жана методикалык камсыздоонун теориялык негиздери жаңыланат.

Изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү алгоритмдештирүүнүн негизинде кесиптик –этикалык компетенттүүлүктү калыптандыруунун иштелип чыккан (теориялык жактан негизделген жана эксперименталдык жактан текшерилген) методологиясы медайымдык иш боюнча адистердин кесиптик- этикалык даярдыгын жогорулатуунун негизи болуп саналат. Илимий-изилдөөнүн натыйжалары боюнча түзүлгөн окуу-методикалык колдонмо аудиторияны жана студенттердин сабактан тышкаркы өз алдынча иштерин башкарууну камсыз кылат. Кырдаалдык тапшырмалардын жана диалог түзүү оюндарынын комплекси окуу процессинде медайымдын кесиптик ишмердүүлүгүн моделдештирүүнү методикалык жактан камсыз кылат.

Медайымдык иш боюнча адистин кесиптик –этикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруунун структуралык жана функционалдык модели Кыргызстандын медициналык колледждеринде медайымдарды даярдоо процессине мониторинг жүргүзүү куралы катары колдонулушу мүмкүн. Изилдөөнүн натыйжаларынын жана корутундуларынын ишенимдүүлүгү жана негиздүүлүгү баштапкы методологиялык позициялар, контролдук, баалоочу жана

мотивациялоочу аспектилерде өзгөрүлмө методдордун жана методдордун комплексин тандоо жана ишке ашыруу менен камсыз кылынат; жалпы таанылган психологиялык-педагогикалык идеяларга таянуу; эксперименталдык ишке автордун жеке катышуусу. Жүргүзүлгөн сандык жана сапаттык талдоо, эксперименттик маалыматтардын статистикалык мааниси тыянактардын объективдүүлүгүн жана мыйзамдуулугун, аныкталган мамилелердин жана мыйзам ченемдүүлүктөрдүн туруктуулугун далилдейт.

Медайымдык иш адистигине практикалык сабактарды өткөрүүдө “Кенже медайым өз кесиби боюнча жумушун аткаруусу”, “Бейтаптын көйгөйлөрүн медайым тамактандыруу (багуу) аркылуу чече алат” деген тема менен биз ар кандай татаалдыктагы практикага багытталган тапшырмаларды, этикалык эрежелерди сактоону, гумандуулуктун, боорукердиктин көрүнүштөрүн талап кылган ролдук оюндарды кеңири колдонобуз.

Манипуляцияларды камтыган ролдук кырдаалдарды даярдоо жана ойноо, баарлашуу көндүмдөрүн, этикалык жана деонтологиялык аспектилердин элементтерин колдонуу үчүнчү (проблемалык) деңгээлдеги дидактикалык бирдиктерди өздөштүрүүгө, жалпы жана кесиптик-этикалык компетенцияларды калыптандырууга, бейтаптар менен баарлашууда пайда болгон студенттердин көйгөйлөрүн аныктоого жана чечүүгө мүмкүндүк берет. Студенттер “коркуу” абалында, кайгырууда, агрессияда, ооруда бейтапка кантип жардам берүүнү үйрөнүшөт.

Практикалык тренинг бейтаптарды демонстрация кылып көрсөтүү сыяктуу ыкманы колдонууну камтыйт. Ошол эле учурда суроолор туулат: өтө оор оорулуулардан маалымат алууну кантип ишке ашыруу керек, жаш аялдарды же өтө улгайган курактагы бейтаптар менен баарлашуу жана оорулуу ооруп жатып калган учурда кантип сүйлөшүү керек? Тилекке каршы жаш медайымдар мындай катачылыктарды жана каталарды болтурбоо үчүн ушундай суроолорго жооп таба ала турган кыргызча окуу колдонмолор китепканаларда жок.

Ушул убакка чейин болочок жаш медайымдар бардык медициналык манипуляцияларды аткарууда тажрыйбалуу улук медайымдардын үлгүсүн колдонуу менен, белгилүү деонтологиялык принциптерди жана өздөрүнүн ой-пикирлерин жетекчиликке алуу менен жүргүзүп келишет.

Биздин оюбузча студенттер (болочок медайымдар) оор акыбалда келген оорулууларды жана ар кандай патологиядагы бардык бейтаптарды кабыл алышы керек. Бирок бейтаптардын демонстрацияларына кунт коюп угуу жана көңүлүн ошол бейтаптарга гана багытоо абдан маанилүү.

Практикалык сабакты даярдоодо оорулууну көрсөтүү менен бир нече пункттарды белгилеп кетүү зарыл деп эсептейбиз. Мындай иш- чараларды жүргүзүүдөн мурда биринчи кезекте студенттерди бул жолугушууга даярдоо керек. Медайымдык иштеги этика принциптерин, деонтологиялык иш аракеттерди аткаруунун себептерин (мотивди) эске алуу керек. Студенттер оорулуулар менен жолукканга чейин сыйлоо, кошулуп кайгыруу, ак көңүл, боорукердик жана дем берүүчү жылмаюу сыяктуу ачкычтар менен жакшы ниеттерди өздөрүнө камдап алышы керек. Ошондой эле бул окутуу сабагына оорулуу дагы өз алдынча даярданып келиши керек. Бул иш-чараны өткөрүү оңой эмес ал назиктикти, тактыкты жана чеберчиликти талап кылат. Оорулууга эскертүү бербей туруп аудиторияга алып баруу ага эмоционалдык травма келтирүү дегенди билдирет, бул кээ бир учурларда анын абалын начарлатышы мүмкүн. Окутуучу жолугушууга бара турган палатадагы бейтапка түшүндүрүү иштерин жүргүзүп жатып жолугушууда студенттер болорун айтып өтсө кырдаал үчүн жакшы болмок жана ошондой эле медицина багытында окуп жаткан студенттер медицинаны үйрөнүүдө кандай кыйынчылыктарга кабыларын айтып берсе мындан да жакшы болот деп ойлойбуз. Окутуучу студенттер жөнүндө мүнөздөмө берип жатып алардын уялчаактыгын, көп нерсени үйрөнүүгө умтулуусун, келечектеги кесибин сүйөөрүн баса белгилеп бейтапка айтып бериши керек. Окутуучу практикалык сабакты өткөрүү үчүн ал бейтаптан жардам берүүсүн өтүнүү керек. Эгерде бейтап ал сабакка баруудан баш тартса ал бейтаптын өз эрки аны барууга эч кандай талап кыла албайбыз.

Студент бейтапты кароо учурунда кан басымын өлчөөдө, тамырдын кагышын, дем алуусун көзөмөлдөөдө ар кандай каталарды кетириши мүмкүн. Ал каталарды оорулуунун көзүнчө оңдоо керекпи? – деген суроо жаралат. Аны оңдоо керек деп ойлойбуз. Бирок студент кетирген катасын

моюнга алып бейтаптын кадыр-баркын түшүрбөшкө аракет жасаш керек. Оорулуу студенттин катасын көрүп, байкап калса эч нерсе болбойт. Бул учурда сабакка катышып берген оорулууга окутуучу ыраазычылык билдирип, бейтаптын катышуусу жок болгондо келечектеги дарыгерлер өз каталарын көрүүгө үйрөнүшмөк эмес экенин сөзсүз түрдө белгилеп айтышы керек.

Окуу практикасында студенттер этикалык жана деонтологиялык принциптерди милдеттүү түрдө сактоо аркылуу бейтаптар менен баарлашууга үйрөнүшөт. Бейтап менен бетме-бет отуруп субъективдүү жана объективдүү маалыматтарды чогултуу студент үчүн баарлашуунун эң маанилүү учуру болуп эсептелет.

Талкуулар. Орто кесиптик билим берүүдө болочок медайымдарды кесип ээси катары даярдоодо алардын түздөн-түз кесиптик иш-аракеттерди аткаруудан сырткары бейтаптын психологиялык өзгөчөлүктөрүн таанып билүү жөндөмдүүлүктөрү, кесиптик этика, деонтология жөнүндөгү түшүнүктөрү, кесиптик иш аракеттердин калыптанышы талап кылынат. Мында, болочок медайымдардын руханий дүйнөсүн, адеп-ахлактык баалуулуктарын калыптандырууга өзгөчө маани берилет. Ошондуктан, атайын медициналык орто окуу жайларда болочок медайымдардын кесиптик жана инсандык жактан калыптануусу ишке ашырылып, алардын кесип ээси катары жалпы жана кесиптик компетенттүүлүккө ээ болуусу негизги максат болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын медициналык колледждеринде, орто кесиптик медициналык адистерди азыркы рыноктун талабына ылайык даярдап жатканы талашсыз экендигин белгилөөгө болот [5,6,7]. Окуу жайдан бүткөн адисттер атаандаштыкка туруштук бере алуусу, өзүнүн үстүнөн тынымсыз иштөөсү, атайын кесиптик компетенттүүлүккө ээ болуусу замандын талабы.

## Жыйынтыктар:

1. Мугалимдик кесиптен кийин эле медайымдар бейтаптар менен тыгыз жана түз баарлашуудагы байланышта болушары белгиленди. Ошондуктан палатадагы психологиялык атмосфера, оорулуунун маанайы, дарылоонун эффективдүүлүгү жана оорунун натыйжасы көбүнчө медайымдын ишинен көз каранды экендиги белгиленди.

2. Болочок медайымдар үчүн бейтап менен бетме-бет отуруп субъективдүү жана объективдүү маалыматтарды чогултуу баарлашуунун эң маанилүү учурлары экендигин эсинен чыгарбашы керек жана өзүн-өзү башкарууга жана кесипкөйлүккө жетишүү үчүн күнүгө талыкпаган аракетте болуп, өзүнүн үстүнөн дайыма иштеп, ошондой эле кесиптик деңгээлин үзгүлтүксүз жогорулатып туруусу сунушталды.

### Адабияттар тизмеси:

1. **Афанасьев, В.Г.** Системный и системно-деятельностные подходы [Текст] / [В.Г. Афанасьев, П.К. Анохин, А.А Богданов и др.]. – 2015.
2. **Беляева, А.П.** Теории профессионального развития [Текст] / [А.П.Беляева, В.С. Безрукова, А.К. Маркова и др.]. – Москва, 2015.
3. **Сушич, Е.С.** Врач – пациент – родственник: этика взаимопонимания [Текст] / Е.С. Сушич, С.А. Щелков, С.В. Третьяк // Биоэтика. – 2012. – Т.2. - № 10. – С. 37-44.
4. **Ясеновая, В.В.** Правовое и морально-этическое в поведении врача [Текст] // Вестник Московского университета МВД России. – 2010. - № 4. – С. 173-176.
5. **Алиева, С.М.** Компетенттүү орто кесиптик медайымдарды даярдоо өзгөчөлүктөрү [Текст] / С.М. Алиева, Ж.А. Кыдыршаева, А.З. Маликова // ОшМУнун жарчысы. – Ош: ОшМУ, 2020. – 43 с.
6. **Абдивалиева, Г.А.** Продуктивность ситуативных задач, проблемного обучения в медицинском колледже [Текст] / Г.А. Абдивалиева // Наука. Образование. Техника. – Ош: КУУ, 2019. - №1. – С. 73 – 77.
7. **Абдивалиева, Г.А.** Формирование коммуникативной личности через несплошной текст у студентов медицинского колледжа[Текст] / А.Г. Абдивалиева // Наука. Образование. Техника. – Ош: КУУ, 2020. – № 2. – С. 79 – 82.

DOI:10.54834/16945220_2023_1_146

Поступила в редакцию: 31.01.2023 г.